УДК:81.364:81.2 (575.2) (04)

## ПОЭЗИЯ ЖАНРЫНЫН ЛИНГВИСТИКАЛЫК ЭМГЕКТЕРДЕ ИЗИЛДЕНИШИ

**Мырзабаева Н.Д.**
Азыркы кыргыз тили бөлүмүнүн ага илимий кызматкери

## ИССЛЕДОВАНИЕ ЖАНРА ПОЭЗИИ В ЛИНГВИСТИЧЕСКИХ ПРОИЗВЕДЕНИЯХ

**Мырзабаева Н.Д.**
старший научный сотрудник отдела Современного кыргызского языка

## STUDY OF THE GENRE OF POETRY IN LINGUISTIC WORKS

**Myrzabaeva N.D.**
senior researcher,
department of Modern kyrgyz language

*КР УИАнын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институту*
*Институт языка и литературы имени Ч. Айтматова НАН КР*
*Institute of Language and Literature named after Chyngyz Aitmatov of the NAS KR*

**Аннотация.** Макалада поэзия жанрын түрдүү кырдаалда тил илиминде изилдеген окумуштуулар жана алардын эмгектери тууралуу баяндалат. Поэзиянын тили талдоого алынып, стилдик өзгөчөлүктөрү, оң жана терс жактары анализге алынып, жыйынтык чыгарылат. Лингвистикалык поэтиканын системалык түзүлүшүнүн негизин көркөм чыгармада колдонулушу каралат.

**Негизги сөздөр:** кыргыз поэзиясы, поэтикалык чыгарма, лирика, поэзия жанры, поэтикалык лингвистика, поэтикалык тил, уйкаштык, үндөштүк, поэзиянын тили.

**Аннотация.** В статье описаны труды учёных, изучавших жанр поэзии в лингвистике. Анализируются язык поэзии, стилистические особенности, положительные и отрицательные стороны, делается вывод. Перечисляются основные систематические структуры лингвопоэтики и использование их в художественном произведении.

**Ключевые слова:** кыргызская поэзия, поэтическое произведение, лирика, жанр поэзии, поэтическая лингвистика, поэтический язык, рифма, сингармония, язык поэзии.

**Abstract.** The works of scientists who studied the genre of poetry in linguistics are described. The language of poetry is analyzed, the stylistic features of poetry, positive and negative aspects are analyzed, and a conclusion is drawn. The main systematic structures of linguopoetics and their use in a work of art are listed.

**Keywords:** kyrgyz poetry, poetic work, lyrics, genre poetry, poetic linguistics, poetic language, rhyme, synharmony, language of poetry.

Учурда поэзия жанрынын өнүгүү-өсүү багыттары, жетишкен ийгиликтери, тил изилдөө процессинен алган орду, салмагы далай урунттуу маселелерге алып келет. Поэзияны тилин изилдөө бирде алдыңкы чекке чыгып, бирде солгундап мезгил менен айкалышып сапарын улап келет. Кыргыз поэзиясындагы байкалган кээ бир негиздүү изилдөөлөр менен табылгалар тил илиминде өзгөчө мааниге ээ. Адабият майданында жашоонун көп кырдуу көрүнүштөрүн, адамзаттык асылбаалуулуктарды, түшүнүк-сезимдерди чагылдырган сөз искусствосунун түрү – поэзия экендиги талашсыз.

Поэзиянын тилин, дегеле көркөм чыгарманы изилдөөдө бир топ талаш маселелер жаралганын байкоого болот. Төмөндө тилчи, окумуштуу Б.Усубалиевдин көркөм чыгарманы изилдөөдө келип чыккан негиздүү пикири аталган маселени тереңирээк ачууга жардам берет. "Тактап айтканда, тил – көркөм чыгарманын негизги элементтеринин бири, ансыз көркөм чыгарманын жаралышын элестетүүгө да болбойт, бирок мындан тил көркөм чыгарманын жападан жалгыз куралы (элементи) деген пикир жаралууга тийиш эмес. [3,1994, 14.] Ошентип келип, иликтөө ыкмасы, багыты боюнча шарттуу түрдө эки топчого бөлүп караган:

1. Чылгый лингвистикалык планда иликтегендер;

2. Лингвостилистикалык, кээде лингвопоэтикалык планда иликтегендер [3,1994, 15.].

Практикалык зор мааниге ээ экендигине карабастан акындардын чыгармалары лингвистикалык жактан толук талдоого алынбай келе жатат. Анткени, лингвистикалык каражаттардын бардык деңгээлдерин түрдүү ыкмада эң көп иштеткендер - акындар жана жазуучулар экени шексиз.

Кыргыз профессионал адабиятында поэзия жанры алгачкы орунда турат. Мына ошол мезгилден бери акындардын чыгармачылыгы көркөм өнөрдүн баш сабында өз милдетин татыктуу өтөп келе жатат. Учурда поэзия жанрында окумуштуулар тарабынан терең изилдөөлөр, маанилүү изденүүлөр, талыкпаган аракеттер жүрүүдө. Поэзия жандуу кубулуш, ошондуктан ар дайым өзгөрүү, өнүгүү абалында болот. Андагы стилдик, жанрдык, идеялык-тематикалык мазмундун кеңейишин, дегеле өнүгүү процесси кандай жолдо жүрүп жаткандыгын байкоо үчүн белгилүү мезгил аралыгында жаралган авторлордун чыгармаларына байкоо жүргүзүү абзел. Бул изилдөөдө айрым авторлордун чыгармачылыгына кайрылып, алардын поэзиясынын көркөмдүк өзгөчөлүгүн, окурмандар тарабынан колдоого алуунун себептерин терең ачып берүүгө аракет жасалат. Поэзиянын тили талдоого алынып, стилдик өзгөчөлүктөрү, оң жана терс жактары анализге алынып, жыйынтык чыгарылат.

Лирикалык поэзиянын өнүгүшүнө негиз болгон мыйзам ченемдүү өзгөчөлүктөрдү аныктоо, алардын мисалдар менен далилдөө теманын актуалдуулугун далилдеп бере алат. Бул учурда улуттук поэзияны кыргыз эли эгемендүү болгонго чейинки жана кийинки деп этаптарга бөлүп кароо изилдөөнү жеңилдетери бышык.

Лирика – кыргыз поэзиясында өзгөчө масштабда өнүккөн жанр болуп саналат. Бул жанрдын алдыңкы өкүлдөрү катары А.Осмонов, Р.Шүкүрбеков, М.Алыбаев, А.Токомбаев, А.Токтомушев, С.Жусуев, С.Эралиев сыяктуу улуу муундагы акындарыбыздын чыгармалары көзгө урунат. Андан ары кичи муундун өкүлдөрүнүн көчү үзүлбөй уланып келет. 80-жылдардын аралыгында поэзия дүйнөсүнө күчтүү акындардын топтому келди десек жаңылышпайбыз. Т.Кожомбердиев, Т.Муканов, С.Тургунбаев, А.Өмүрканов, А.Рыскулов, Б.Алыбаев, Ш.Дүйшеев, Р.Мукашева, Р.Карагулова, А.Дегенбаевалардын ысымдарын акындык чеберчиликте натыйжа жаратууга

аракеттенген калемгерлер катары таа- ный алдык. Аталган акындардын ар би- ри бүтүндөй жан дүйнөсүн, талыкпаган мээнетин чыгармачылыкка арнаган, кыргыз поэзиясынын бай казынасына өз салымын кошкон, таланттардын ара- сынан суурулуп чыккан кыргыз элинин уул-кыздары катары өздөрүн тааныта алышты.

Коом өзгөрүүгө дуушар болгон са- йын адам баласынын дүйнө таанымы, көз карашы, ой жүгүртүүсү да кошо за- ман талабына ылайык өзгөрүүгө дуушар болот. Бул кубулуш поэзияга таасирин тийгизип, ошол доордун добушу, өз- гөрүүлөр чыгармаларда айкын байка- лып турат. Поэзиянын жетишкендикте- рин, мүчүлүштүгүн, мурунку муун менен кийинки жаңы муундун чыгармачылы- гынын урунттуу айырмачылык-окшош- туктарды, идеялык-эстетикалык багыт- тарын сөз кылуу да учурдун талабы деп белгилөөгө болот.

Поэзиянын идеялык-эстетикалык ка- сиеттерин изилдеген эмгектер, айрыкча кыргыз поэзиясын изилдөөгө жигердүү салымын кошуп келе жаткан белгилүү окумуштуу тилчи, адабиятчы, сынчылар- дын эмгектеринен маалымат алуу менен поэзия жанрынын көп кырдуу багытта- ры ачылат. Бирк, бул процесстин ички өнүгүү тенденциясын, идеялык-темати- калык, стилдик, мазмундук, маанилик ж.б. көптөгөн ушул сыяктуу маселелерин дароо аныктап, толук жыйынтык чыга- руу мүмкүн эмес. Улуттук поэзиянын бү- гүнкү учурдагы абалын, ордун аныктап, келечектеги багытына туура баа берүү талап кылынат.

Биздин максат поэзиянын тилин лексикалык-семантикалык бирдиктер- ге, тилдик каражаттарга, кеңири анализ жүргүзүп, алардын көркөм чыгармада- гы лингвостилистикалык мүнөзүн, та- биятын ачып берүү болуп саналат. Бул багыттагы изилдөөлөр кыргыз тили илиминин теориялык базасын кеңейтет, изилдөөдөн алынган жыйынтыктарды кыргыз тил илиминин лексикология, семасиология бөлүмдөрү, чыгарманын тилин изилдөө боюнча кийинки изил- дөөлөргө таяныч боло алат.

Изилдөөдөн келип чыккан жыйын- тыктар поэзияны талдоодо, көркөмдүк даражасын аныктоодо, тилдик көркөм каражаттарды тактоодо, алардын кызма- тын ордун белгилөөдө, о.э. кыргыз жазма адабий, оозеки тил маданиятына кызы- ккандар үчүн кызмат кылат. Поэзия жан- рынын тили турмушту реалдуу чагыл- дыруунун, этнографиялык сыпаттоонун, ойду так, көркөм, образдуу берүүнүн, синонимдик катарларды көбөйтүүнүн стилистикалык, ыр түзүү каражаты экен- дигин аныктоонун негизги куралы. Поэ- зиянын лингвостилистикасын изилдөө- гө кайрылган төмөндөгү окумуштуулар Б.Усубалиев, Т.Аширбаев, Ж.Мамытов, С.Өмүралиева, К.Рысалиев, Б.Керимжа- нова, А.Оморов, К.Кырбашев, А.Абдыке- римова, Т.Сыдыкова, А.Акынбекова ж.б. ошону менен бирге эле түркологдордун: Э.Тенишев, С.Эржанова, Р.М. Сыздыкова, А.Х. Джубанов, Р.Г. Бектаев, А.Ахабаев, С.Мырзабеков орус окумуштууларынан В.В. Виноградов, Г.О. Винокур, Б.В.Тома- шевский, Н.А.Баскаков, В.М. Жирмунский, П.М. П.М. Алексеев, И.И. Резвин, Ю.М. Лот- ман, Т.В. Булыгина, Е.В. Пудачева, Н.Д. Андреев, Б.Н.Головин, Ф.М. Головенчен- конун ысымдарын жана баалуу эмгекте- рин атап көрсөтүүгө болот.

Сөз өнөрү эң байыркы көрүнүш- төрдүн бири болуп саналат. Поэзияны жараткандар – акындар, жазуучулар. Ар бир калемгердин өзүнө гана тиешелүү көркөм сөздү колдонуу чеберчилиги, ыкмасы болот. Поэзиянын тилин деге- ле көркөм чыгарманын тилин таануу, изилдөө татаал, көп кырдуу процесс экендиги талашсыз. Ар бир акындын чыгармачылыгын изилдөө маселесин окумуштуулардын кээ бири кереметтүү көрүнүш катары айтышса, айрымдары "лингвистикалык космос" деп аташкан. Бул маселеге алгачкылардан болуп арап-

тардын ачылыштары мисал боло алат. Орус элинин көп кырдуу илимпозу М.Ломоносов жалпы тил илиминде көркөм чыгарманын тилине кайрылгандыгына анын бул тууралуу эмгектери далил боло алат.

Жалпы тил илиминде бул багытта белгилүү окумуштуулар В.В.Виноградов, Г.О.Винокур, В.М. Жирмунский, Р.О. Якобсон, Б.А.Ларин, Б.В. Томашевский ж.б. лингвопоэтикалык жүргүзүүнүн илимий –методикалык негизин түзүп кетишкени маалым. Ала турган болсок: В.В.Виноградовдун "Көркөм кептин теориясы" (1959, 1963), Г.О.Винокурдун "Поэтикалык тил илими"(1991), В.М.Жирмунскийдин "Поэтикалык лингвистика" (1975, 1977), Р.О.Якобсондун "Поэтикалык диалектология" (1987), Б.В.Томашевскийдин "Стих и язык" (1959), "Стилистика и стихосложение" (1959), Б.А.Ларининдин "Эстетика слова и язык писателя" (1974) деген илимий эмгектери учурда да өз баалуулугун жоготпой келет. Аталган окумуштуулар өз пикирлерин ортого салышкан, илимий-теориялык ойлорун сунушташкан.

Ал эми кыргыз тилиндеги көркөм чыгарманын тилине анализ жасоо, изилдөө иши Ж.Шүкүровдун 1947 - жылы жарык көргөн "Молдо Кылычтын тили" деген макаласы менен башталган. Белгилүү түрколог–окумуштуу Б.М.Юнусалиев 1970-жылдар арасында Молдо Нияздын ырларына тилдик жактан изилдөө ишин колго алган, Анын негизинде "Молдо Нияздын санатында диалектилик өзгөчөлүктөрдүн чагылышы" деген изилдөөсү жарык көргөн.

Аталган маселеге 90-жылдары окумуштуу Т.А.Аширбаев "Т.Касымбековдун "Сынган кылыч" романынын тили" деген аталыштагы эмгеги менен кайрылса, бир нече убакыттан кийин окумуштуу Б.Усубалиевдин "Көркөм чыгармага лингвостилистикалык илик" аттуу момнографиясы жарыкка чыккан. Аталган эмгегинде Б.Усубалиев тилдин образдуулугу, анын эстетикалык функцияга ээ экендигин далилдеп көркөм чыгарманын тилин изилдөөгө тилчилердин акысы барбы деген суроого далилдүү жооптору менен негиздеп берген. Ал эми К.Кырбашевдин бул тематикада изилдөөсү 1966-жылы жарыкка чыккан "Алыкул Осмоновдун поэзиясынын тили" деп аталат. Мында акындын тилин үйрөнүү адабий таануу жана тил илиминде бирден бир актуалдуу маселелерден болуп саналарын далилдөө менен А.Осмоновдун поэзиясына байланыштуу поэтикалык тилдин өзгөчөлүгүнө кенен токтолуп өткөн.

Акындардын чыгармачылыгын тилдик багытта изилдөөдө алгач фонетикалык көркөм сөз каражаттарын анализге алуу максатка ылайык Мында негизинен поэтикалык фонетиканын акындын чыгармаларындагы орду, кызматы жөнүндө сөз болот. Алсак, аллитерация, ассонанс кубулуштары. Мис.:

*Жаралганда көктө күн*
*Жаратылган суу өзү,*
*Жерде бардык өткөндүн*
*Жалгыз тирүү күбөсү.*

Мисалга алынган ыр саптары жалаң [к] тыбышынан, б.а., аллитерациялуу куплет, ошондуктан бул жерде ырды кабыл алуу жеңил; экинчиден, ыр саптары уккулуктуу; үчүнчүдөн, мында эч кандай татаал курулуш да жок; төртүнчүдөн, акындын ыр саптары биринин артынан бири куюлушуп, обонго салууга да аябай ыңгайлуу турат. Аллитерация кубулушу ырдын көркөмдүгүн арттырып, акындын берейин деген идеясына жолтоо болбой, улуттук колорит жана образдуулук берип турат. Аллитерация кубулушу латын тилинен алынган, "кайталоо" дегенди түшүндүрөт. Бул кубулуш ар бир акындын чыгармаларында арбын кездешет. О.э. прозада, драмада да кеңири учуратууга болот. Муну максатсыз кайталоо катары караганыбыз туура эмес. Тескерисинче чыгарманын маанисин тереңдетип, уккулуктуулугун арттырып, көркөмдүгүн ашырууга шарт түзөт.

Айрым учурда аллитерация менен ассонанс айкалышып келген учурлары кездешет, [к] үнсүз тыбышы [ы], [о] үндүү тыбыштары менен вертикалдык түрдө айкалышып келиши. Мындай фонетикалык кубулуш – ырдын мелодикасын арттырып турган стилистикалык каражат.

Ассонанс деген эмне? Бул француз тилинен кирген сөз, кыргыз тилинде "үндөштүк", "уйкаштык" деген маанини берет. Бул жерде ассонанс – уйкаштыкта же улам кийинки сөздөрдө үндүү тыбыштын кайра-кайра кайталанышына негизделген стилистикалык ыкма деп аныктама беребиз. Мындай үндүүлөрдүн үндөштүгү ыр саптарынын башында же бүтүндөй ыр жолдорунда да болушу мүмкүн.

*Жайлоонун жашыл гүлүндөй,*
*Жаңы ачылган жаштар ай.*
*Жарык нурлуу турмушта*
*Багы ачылган жаштар ай.*

Байкагандай бул саптарда жалаң [а] тыбышынын вертикалдык кайра-кайра кайталанышы ассонансты жаратты. Ал көркөмдүк кызматын аткарып көркөм кепти уккулуктуу, жагымдуу абалга алып келди. Улуттук акындарынын ырларында көп учурда аллитерация кубулушу менен ассонанс кубулушу айкалыша келип, поэтикалык милдетти аткарып, ойдун образдуулугун, ыргактуулугун көрсөтүп турат.

Поэтикалык текстте аталган кубулуштар эле эмес, ыр сабындагы алгачкы тыбыш калган тыбыштардын колдонулушун да шарттоочу мааниге ээ боло алышы мүмкүн, маанайын да, калган тыбыштардын колдонулушун да шарттоочу мааниге ээ боло алышы деп эсептөөгө негиз бар. Психологдордун аныктамасы боюнча, сөздүн биринчи тыбышы калган тыбыштарынан болжолдуу түрдө 4 эсе күчтүү байкаларлык мүнөзгө ээ болот экен. [1, 1981, 38-б.].

Кыргыз акындарынын чыгармачылыгын изилдөөдө салыштыруу ыкмасына кайрылган, изилдеген окумуштуулар арбын. Салыштыруу – стилистиканын, поэтиканын жана лингвистиканын категориясы. Бул ыкманын негизги максаты бериле турган ойду таамай көрсөтүү, айкын сүрөттөө менен байланышкан. Чыгарманын көркөмдүүлүгүн аныктоодо ал негизги кызматты аткарат. Ошол себептүү ал жазма жана оозеки адабиятта кеңири пайдаланылып, текстке эмоция тартуулап, көркөм боек берип турат.

Бул ыкма тууралуу алгачкы сөз араб тилчилери тарабынан пикирлер айтылган. 1959-жылы профессор Б.В.Томашевский "Стилистика и стихосложение" деген эмгегинде "Салыштырууну туура түзүш үчүн төмөндөгүдөй элементтер керек: биринчиден, эмне салыштырылат, экинчиден, эмне менен, үчүнчүдөн, кандай белгилер менен салыштырылат" (Томашевский: 1959, 208, 209-б.) деп негизги үч элементти – нерсе, образ, белгини көрсөткөн. Ал эми А.Т.Рубайло "Художественные средства языка" (1961) аттуу эмгегинде: "Ошол салыштырылып жаткан нерсенин башка нерсе менен байланыштуулугу же ички ойдун окшоштугун түзүүгө тийиш" дейт. Ошондон улам салыштырууда сөзсүз түрдө предметтүүлүк менен бирге анын өзүнүн ички окшоштугу да эске алынууга тийиш дейт". [3, 2015, 131, 132-б.]. Салыштыруу ыкмасы тууралуу орчундуу ойлорун билдирген Ж.Жантөшева ("Салыштыруу – К.Жантөшевдин чыгармачылыгындагы сүрөттөөчү көркөм ыкма", 1981), А.Оморов ("Ж.Мамытовдун ырларынын поэтикасынын айрым маселелери", 2002), А.Э.Абдыкеримова ("Көркөм сөздүн поэтикасы", 2003), А.Акынбекова ("Молдо Нияздын чыгармаларындагы тилдик өзгөчөлүктөр", 2011), Т. Сыдыкова ("Барпынын тили", 2015) ж.б. сыяктуу окумуштуулардын ысымдарын атоого болот.

Лингвистикалык поэтика – көркөм чыгарманын тилин, тилдик бирдиктердин көркөм чыгармада колдонулуш

өзгөчөлүктөрүн, алардын эмоционалдык-экспрессивдик, эстетикалык функциясын изилдеп, көркөм чыгарманын жана жалпы эле адабий системанын структурасындагы негизги компоненттерди бөлүп көрсөтүү менен, алардын формалдык структуралар менен болгон байланышын ачып берет. Лингвистикалык поэтика вербалдык белгилердин, формалдык структуралардын поэтикалык функциясын жана мүмкүн болгон комбинацияларын адабий системанын мазмундук структурасынын элементтери менен биримдикте изилдөөгө алат. Негизги объектиси болуп поэтикалык тил жана көркөм адабияттын тили түшүнүктөрү эсептелет. Лингвистикалык поэтиканын системалык түзүлүшүнүн негизин көркөм чыгармада колдонулган тилдик фактылардын классификациясы түзөт да, поэтикалык фонетика (эвфония), поэтикалык морфология, поэтикалык синтаксис, поэтикалык семантика, поэтикалык лексикологияга ажырайт.

Кыргыз поэзиясында акындарыбыз традициялуу ыр түзүлүшүндөгү ритм, рифма, аллитерация. Ассонанс сыяктуу кыргыз ырларына тиешелүү поэтикалык категорияларга фонетикалык жана лексикалык каражаттардын стилистикалык бардык мүмкүнчүлүктөрүн ыктуу колдонуу менен кайталангыс үн кооздугун, уккулуктуу мызыкалуулук бере алышкан. О.э. троптун түрлөрү, эпитет, метафора, метонимиянын милдетин аткарган сөздөрдүн көркөмүк сапатына, эстетикалык мазмунуна айрыкча көңүл бурулуп, ырлардын маанисине улуттун философиясын, психологиясын дегеле бүтүндөй менталитетин сиңиргенин байкоого болот.

**Адабияттар:**


1. Журавлев А.П. Звук и смысл. 1981.
2. Б.Усубалиев. Көркөм чыгармага лингвостилистикалык илик. – Бишкек- 1991.
3. Т.К.Садыкова. Барпынын тили, 2015.